**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРОСВЕЩЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_________________№ ___________

Бишкек ш.
г. Бишкек

**2026-2027-окуу жылында 12 жылдык мектептик билим берүүгө этап-этабы менен өтүүчү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын класстары үчүн базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-октябрындагы № 654 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясына жана 2025-жылдын 14-мартындагы № 131 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык 12 жылдык мектептик билим берүүгө этап-этабы менен өтүү учурунда Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу максатында **буйрук кылам**:

1. 2026-2027-окуу жылында 12 жылдык окуу мөөнөтүнө этап-этабы менен өтүүчү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын класстары үчүн базистик окуу пландары (мындан ары – базистик окуу пландары) 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. 2026-2027-окуу жылына жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кызматкерине (мугалимине) берилүүчү окуу предметтердин көрсөтүүсүндөгү жумалык окуу жүгүнүн төмөнкү босого көлөмү 2-тиркемеге ылайык белгиленсин.
3. Түрлөрүнө жана менчиктик формасына карабастан республиканын бардык жалпы билим берүү уюмдарынын директорлоруна: бекитилген базистик окуу пландарына ылайык окуу пландары иштелип чыксын жана алар жайгашкан жери боюнча тиешелүү Бишкек шаарынын мэриясына караштуу Билим берүү департаменти, Ош шаарынын мэриясына караштуу Билим берүү башкармалыгы жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү менен 2026-жылдын 25-августуна чейин макулдашылсын.
4. Республиканын карамагындагы жалпы билим берүү уюмдарынын директорлоруна: бекитилген базистик окуу пландарына ылайык окуу

пландары иштелип чыксын жана алар Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги менен 2026-жылдын 25-августуна чейин макулдашылсын.

5. Бишкек шаарынын мэриясына караштуу Билим берүү департаментинин, Ош шаарынын мэриясына караштуу Билим берүү башкармалыгынын жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилерине:

– түрлөрүнө жана менчиктик формасына карабастан жайгашкан жери боюнча тиешелүү бардык жалпы билим берүү уюмдарынын 2026-2027-окуу жылына карата окуу пландары 2026-жылдын 25-августуна чейин макулдашуудан өткөрүлсүн жана алардын ишке ашырылышын контролдоо камсыздалсын;

– бардык мамлекеттик эмес (жеке менчик) жалпы билим берүү уюмдарынын билим берүү ишине уюштуруучулук-методикалык колдоо көрсөтүлсүн жана координациялоо иши дайыма жүргүзүлсүн.

6. Тарбиялоо жана мектептен тышкаркы билим берүү бөлүмү (А.Э. Эркимбековго): окуучулардын эмгек практикасын өткөрүү жөнүндө Жобо менен республиканын бардык жалпы билим берүү уюмдары камсыздасын.

7. Маалыматтык саясат бөлүмү (Н.К. Кийизбаевага), «Кут Билим» медиа-борбору (К.А. Чекировго) ушул буйруктун расмий жарыяланышын камсыздашсын.

8. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Мектептик билим берүү башкармалыгына (М.У. Музулмановго) жана Бюджеттик саясат, финансылык талдоо жана инфраструктура башкармалыгына (Р.З. Садырбаевге) тапшырылсын.

## Об утверждении базисных учебных планов для классов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики, поэтапно переходящих на 12-летнее школьное образование в 2026-2027 учебном году

В целях организации учебно-воспитательного процесса в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики в период поэтапного перехода на 12-летнее школьное образование в соответствии с Концепцией перехода на 12-летнее школьное образование в Кыргызской Республике, утвержденной постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 30 октября 2024 года № 654, и Государственным образовательным стандартом общего образования Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 14 марта 2025 года № 131, **приказываю:**

1. Утвердить базисные учебные планы для классов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики, поэтапно

переходящих на 12-летнее школьное образование в 2026-2027 учебном году (далее – базисные учебные планы), согласно приложению 1.

2. Установить нижний пороговый объем недельной учебной нагрузки в разрезе учебных предметов, предоставляемых педагогическому работнику (учителю) общеобразовательной организации на 2026-2027 учебный год согласно приложению 2.

3. Директорам всех общеобразовательных организаций республики независимо от видов и форм собственности: разработать учебные планы в соответствии с утвержденными базисными учебными планами и провести их согласование в соответствующих по месту расположения Департаменте образования при мэрии города Бишкек, Управлении образования при мэрии города Ош и районных/городских отделах образования в срок до 25 августа 2026 года.

4. Директорам общеобразовательных организаций республиканского подчинения: разработать учебные планы в соответствии с утвержденными базисными учебными планами и согласовать их с Министерством просвещения Кыргызской Республики в срок до 25 августа 2026 года.

5. Руководителям Департамента образования при мэрии города Бишкек, Управления образования при мэрии города Ош и районных/городских отделов образования:

– провести согласование учебных планов на 2026-2027 учебный год всех общеобразовательных организаций независимо от видов и форм собственности, соответствующих по месту расположения, до 25 августа 2026 года и обеспечивать контроль за их реализацией;

– постоянно оказывать организационно-методическую поддержку и проводить координацию образовательной деятельности всех негосударственных (частных) общеобразовательных организаций.

6. Отделу воспитания и внешкольного образования (А.Э. Эркимбекову) обеспечить все общеобразовательные организации республики Положением о проведении трудовой практики обучающихся.

7. Отделу информационной политики (Н.К. Кийизбаевой), медиа-центру «Кут Билим» (К.А. Чекирову) обеспечить официальное опубликование данного приказа.

8. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на Управление школьного образования (М.У. Музулманова) и Управление бюджетной политики, финансового анализа и инфраструктуры (Р.З. Садырбаева).

**Заместитель министра** **Н.С. Джусупбекова**

1-тиркеме.
Кыргыз Республикасынын
Агартуу министрлигинин
2026-жылдын «________» – июлундагы
№ ____________________буйругу менен
бекитилди

**2026-2027-окуу жылына 12 жылдык мектептик билим берүүчү жалпы билим берүү уюмдары (класстары) үчүн базистик окуу планы**
(кыргыз тилинде окуткан мектептер үчүн)

| Билим берүү чөйрөсү | Окуу предмети | | Класс | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 5 | 7 | 8 |
| **Филологиялык** | Кыргыз тили жана окуу | | 5 | 5 | 5 | | | |
| | Кыргыз тили | | | | | 4 | 3 | 2 |
| | Кыргыз адабияты | | | | | 2 | 2 | 2 |
| | Орус тили жана окуу | | 3 | 3 | 3 | 3 | | |
| | Орус тили | | | | | | 2 | 2 |
| | Орус жана дүйнө адабияты | | | | | | 1 | 1 |
| | Чет тили | | | | 2 | 2 | 2 | 2 |
| **Математикалык** | Математика (Алгебра, Геометрия) | | 3 | 4 | 4 | 5 | 4 | 4 |
| **Социалдык** | Тарых (Кыргызстан тарыхы, Дүйнө тарыхы) | | | | | 2 | 2 | 2 |
| | Диндердин өнүгүү тарыхы | | | | | | 1 | 1 |
| | Адам жана коом | | | | | | 2 | 2 |
| | Мен жана дүйнө (Мекен таануу, Табият таануу, Адеп, ТТКН) | | 4 | 4 | 3 | 2 | | |
| **Табигый-илимий** | Табият таануу | | | | | 2 | | |
| | Табигый илимдер | Биология | | | | | 2 | 2 |
| | | Физика | | | | | 2 | 2 |
| | | Химия | | | | | 1 | 2 |
| | География | | | | | | 2 | 2 |
| **Искусство жана технология** | Информатика | | | | | 1 | 2 | 2 |
| | Көркөм өнөр жана технология | | 2 | 2 | 2 | 2 | | |
| | Музыка | | 2 | 2 | 2 | 1 | | |
| **Ден соолук маданияты** | Дене тарбия | | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| **Мамлекеттик компонент** (жумалык окуу жүктөмү) | | | **21** | **22** | **23** | **28** | **30** | **30** |
| **Профилге чейинки компонент** | | | | | | | | **2** |
| **Эмгек практикасы** (күндөр менен) | | | | | | | **7** | **10** |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 969/1, 09.07.2026

Кол койгон: Джусупбекова Н.С.

## Базисный учебный план для общеобразовательных организаций (классов) 12-летнего школьного образования на 2026-2027 учебный год

(для школ с русским языком обучения)

| Образовательная область | Учебный предмет | | Класс | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **1** | **2** | **3** | **5** | **7** | **8** |
| **Филологическая** | Русский язык и чтение | | 5 | 5 | 5 | | | |
| | Русский язык | | | | | 4 | 3 | 2 |
| | Русская литература | | | | | 2 | 2 | 2 |
| | Кыргызский язык и чтение | | 3 | 3 | 3 | | | |
| | Кыргызский язык | | | | | 2 | 2 | 2 |
| | Кыргызская и мировая литература | | | | | 1 | 1 | 1 |
| | Иностранный язык | | | | 2 | 2 | 2 | 2 |
| **Математическая** | Математика (Алгебра, Геометрия) | | 3 | 4 | 4 | 5 | 4 | 4 |
| **Социальная** | История (История Кыргызстана, Мировая история) | | | | | 2 | 2 | 2 |
| | История развития религий | | | | | | 1 | 1 |
| | Человек и общество | | | | | | 2 | 2 |
| | Я и мир (Родиноведение, Естествознание, Этика, ОБЖ) | | 4 | 4 | 3 | 2 | | |
| **Естественно-научная** | Естествознание | | | | | 2 | | |
| | Естественные науки | Биология | | | | | 2 | 2 |
| | | Физика | | | | | 2 | 2 |
| | | Химия | | | | | 1 | 2 |
| | География | | | | | | 2 | 2 |
| **Искусство и технология** | Информатика | | | | | 1 | 2 | 2 |
| | Художественное творчество и технология | | 2 | 2 | 2 | 2 | | |
| | Музыка | | 2 | 2 | 2 | 1 | | |
| **Культура здоровья** | Физическая культура | | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| **Государственный компонент** (недельная учебная нагрузка) | | | **21** | **22** | **23** | **28** | **30** | **30** |
| **Предпрофильный компонент** | | | | | | | | **2** |
| **Трудовая практика** (в днях) | | | | | | | **7** | **10** |

№ 969/1, 09.07.2026

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Джусупбекова Н.С.

**2026-2027-окуу жылына 12 жылдык мектептик билим берүүчү жалпы билим берүү уюмдары (класстары) үчүн базистик окуу планы**
(өзбек/тажик тилинде окуткан мектептер үчүн)

| **Билим берүү чөйрөсү** | **Окуу предмети** | **Класс** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1** | **2** | **3** | **5** | **7** | **8** |
| **Филологиялык** | Кыргыз тили жана окуу | 3 | 3 | 2 | | | |
| | Кыргыз тили | | | | 2 | 2 | 2 |
| | Кыргыз жана дүйнө адабияты | | | | 2 | 1 | 1 |
| | Орус тили жана окуу | 2 | 2 | 2 | 2 | | |
| | Орус тили | | | | | 2 | 2 |
| | Орус жана дүйнө адабияты | | | | | 1 | 1 |
| | Өзбек/Тажик тили жана окуу | 3 | 3 | 4 | | | |
| | Өзбек тили. Өзбек адабияты/ Тажик тили жана адабияты | | | | 3 | 2 | 2 |
| | Чет тили | | | 2 | 2 | 2 | 1 |
| **Математикалык** | Математика (Алгебра, Геометрия) | 3 | 4 | 4 | 5 | 4 | 4 |
| **Социалдык** | Тарых (Кыргызстан тарыхы, Дүйнө тарыхы) | | | | 2 | 2 | 2 |
| | Диндердин өнүгүү тарыхы | | | | | 1 | 1 |
| | Адам жана коом | | | | | 2 | 2 |
| | Мен жана дүйнө (Мекен таануу, Табият таануу, Адеп, ТТКН) | 4 | 4 | 3 | 2 | | |
| **Табигый-илимий** | Табият таануу | | | | 2 | | |
| | Табигый илимдер — Биология | | | | | 2 | 2 |
| | Физика | | | | | 2 | 2 |
| | Химия | | | | | 1 | 2 |
| | География | | | | | 2 | 2 |
| **Искусство жана технология** | Информатика | | | | 1 | 2 | 2 |
| | Көркөм өнөр жана технология | 2 | 2 | 2 | 2 | | |
| | Музыка | 2 | 2 | 2 | 1 | | |
| **Ден соолук маданияты** | Дене тарбия | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| **Мамлекеттик компонент** (жумалык окуу жүктөмү) | | **21** | **22** | **23** | **28** | **30** | **30** |
| **Профилге чейинки компонент** | | | | | | | **2** |
| **Эмгек практикасы** (күндөр менен) | | | | | | **7** | **10** |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 969/1, 09.07.2026

Кол койгон: Джусупбекова Н.С.

**Базисный учебный план для общеобразовательных организаций (классов) по изучению родного (дунганского) языка 12-летнего школьного образования на 2026-2027 учебный год**
(для школ с русским языком обучения)

| Образовательная область | Учебный предмет | | Классы | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 5 | 7 | 8 |
| **Филологическая** | Кыргызский язык и чтение | | 3 | 2 | 2 | | | |
| | Кыргызский язык | | | | | 2 | 2 | 2 |
| | Кыргызская и мировая литература | | | | | 1 | 1 | 1 |
| | Русский язык и чтение | | 5 | 5 | 5 | | | |
| | Русский язык | | | | | 3 | 3 | 2 |
| | Русская литература | | | | | 2 | 1 | 1 |
| | Родной (Дунганский) язык | | | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | Иностранный язык | | | | 2 | 2 | 2 | 2 |
| **Математическая** | Математика (Алгебра, Геометрия) | | 3 | 4 | 4 | 5 | 4 | 4 |
| **Социальная** | История (История Кыргызстана, Мировая история) | | | | | 2 | 2 | 2 |
| | История развития религий | | | | | | 1 | 1 |
| | Человек и общество | | | | | | 2 | 2 |
| | Я и мир (Родиноведение, Естествознание, Этика, ОБЖ) | | 4 | 4 | 3 | 2 | | |
| **Естественно-научная** | Естествознание | | | | | 2 | | |
| | Естественные науки | Биология | | | | | 2 | 2 |
| | | Физика | | | | | 2 | 2 |
| | | Химия | | | | | 1 | 2 |
| | География | | | | | | 2 | 2 |
| **Искусство и технология** | Информатика | | | | | 1 | 2 | 2 |
| | Художественное творчество и технология | | 2 | 2 | 2 | 2 | | |
| | Музыка | | 2 | 2 | 2 | 1 | | |
| **Культура здоровья** | Физическая культура | | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| **Государственный компонент** (недельная учебная нагрузка) | | | **21** | **22** | **23** | **28** | **30** | **30** |
| **Предпрофильный компонент** | | | | | | | | **2** |
| **Трудовая практика** (в днях) | | | | | | | **7** | **10** |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Базистик окуу пландарына
тиркеме

**2026-2027-окуу жылында 12 жылдык окуу мөөнөтүнө этап-этабы менен өтүүчү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын класстары үчүн базистик окуу пландарына түшүндүрмө кат**

2026-2027-окуу жылында 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүүнүн II этабында Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын класстары үчүн базистик окуу пландары Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-октябрындагы № 654 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясына жана 2025-жылдын 14-мартындагы № 131 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюмдарынын окутуу шарттарына жана уюштурулушуна коюлган Санитардык-эпидемиологиялык талаптарына (6-тиркеме), ошондой эле мектептик жалпы билим берүү тармагын жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

Жалпы билим берүү уюмдарынын класстары 12 жылдык окутууга өтүүчү этаптары төмөнкү таблицага ылайык ишке ашырылат:

| Окуучунун төрөлгөн жылы | Окуу жылы | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2026/ 2027 | 2027/ 2028 | 2028/ 2029 | 2029/ 2030 | 2030/ 2031 | 2031/ 2032 | 2032/ 2033 | 2033/ 2034 | 2034/ 2035 | 2035/ 2036 | 2036/ 2037 | 2037/ 2038 |
| | Класс | | | | | | | | | | | |
| **2020** | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| **2019** | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | |
| **2018** | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | |
| **2017** | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | |
| **2016** | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | | |
| **2015** | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | | | |
| **2014** | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | | | | |
| **2013** | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | | | | |
| **2012** | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | | | | | |
| **2011** | 9 | 11 | 12 | | | | | | | | | |
| **2010** | 10 | 11 | | | | | | | | | | |
| **2009** | 11 | | | | | | | | | | | |

11 жылдык стандарт

12 жылдык стандарт

Интеграцияланган программалар

Эскертүү:

– 2028-2029-окуу жылы – 9-класстын окуучуларынын кош бүтүрүүсү, ошондой эле 12 жылдык мектепти аяктагандыгы жөнүндө аттестаттардын тапшырылышынын башталышы;

– 2036-2037-окуу жылы – 12 жылдык билим берүү программаларын толук циклы өтүлгөн бүтүрүүчүлөрдүн биринчи чыгарылышы.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**2025-2026-окуу жылында 12 жылдык мектептик билим берүү моделине өтүүнүн I этабында** төмөнкүлөр аткарылды:

– **1-класстарга** 6 жашка толгон (2019-жылы төрөлгөн) балдар кабыл алынып, аларга табигый-илимий багытына киришүү мазмунун камтыган мектепке даярдоо программасы окутула баштады;

– **2-класстарына** «Наристе» мектепке даярдоо программасын өткөн 6 жана 7 жаштагы (2018-жылы төрөлгөн) балдар кабыл алынышты;

– **5 жана 7-класстар** «Математика», табигый-илимий багытындагы, «Орус тили», «Орус адабияты» жана «Англис тили» (3-9-класстар) предметтери боюнча 12 жылдык мектептик билим берүүгө багытталган жаңы окуу-методикалык комплекстери жана жаңыланган билим берүү программалары менен окутууга өткөрүлдү.

**2026-2027-окуу жылында 12 жылдык мектептик билим берүү** моделине өтүүнүн **II этабында** төмөнкүлөр ишке ашырылат:

– **1-класстарга** 6 жашка толгон (2020-жылы төрөлгөн) балдарды жана 2025-2026-окуу жылында окуу менен камтылбаган 2019 жылы төрөлгөн балдарды кабыл алуу улантылат;

– **2-класстарга** 1-класстардын окуучулары (2019-жылы төрөлгөндөр) жана **3-класстарга** 2-класстардын окуучулары (2018-жылы төрөлгөндөр) өткөрүлөт;

– **5-класстарга** 11 жылдык мектептин 4-классынын окуучулары (2015-жылы төрөлгөндөр) өтүшүп, алар интеграцияланган программалардын негизинде билим алышат;

– **7-класстарга** 5 жана 6-класстарына даярдалган интеграциялык программаларын окуп бүтүрүшкөн 5-класстардын окуучулары (2014-жылы төрөлгөндөр) өткөрүлөт;

– **7-класстарга** 11-жылдык мектептин 6-класстарынын дагы окуучулары (2013-жылы төрөлгөндөр) өтүшөт;

– **8-класстарга** 7-класстардын окуучулары (2012-жылы төрөлгөндөр) өткөрүлөт;

– 1, 2, 3, 5, 7, 8-класстарда окуу процесси «Алиппе» (1 класс), «Орус тили жана окуу», «Орус тили», «Орус адабияты», «Математика», «Англис тили» (3-9 класстар үчүн) жана табигый-илимий багытынын предметтери боюнча 12 жылдык мектептик билим берүүгө багытталган жаңы окуу-методикалык комплекстери жана жаңыланган билим берүү программалары (Кыргыз билим бер берүү академиясынын сайтында жайгаштырылган) аркылуу жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасында 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүү Концепциясынын 3-главасына жана Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын 17-пункттуна ылайык 12 жылдык мектептик билим берүүнүн базистик окуу пландары төмөнкү деңгээлдерге иштелип чыккан:

– башталгыч жалпы билим берүү (1–6-класстар (6–11 жаш);

– негизги жалпы билим берүү (7–9-класстар (12–14 жаш).

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 969/1, 09.07.2026

Кол койгон: Джусупбекова Н.С.

Базистик окуу планынын **мамлекеттик (инварианттык) компоненти** Кыргыз Республикасынын аймагында бирдиктүү билим берүү мейкиндигин камсыздайт жана түрлөрү менен менчиктик формасына карабастан бардык жалпы билим берүү уюмдарына милдеттүү болуп эсептелет, ошондой эле ал окуучулардын жалпы билим берүү даярдыгынын базалык деңгээлин өздөштүрүүсүнө, жигердүү позициясы бар инсанды калыптандыруу үчүн улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга аралашуусуна шарт түзөт.

Башталгыч жалпы жана негизги жалпы билим берүүнүн окуу программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөттөрүн кыскартууга жана мамлекеттик компоненттин предметтери үчүн чегерилген окуу сааттарын башка предметтерге которууга **жол берилбейт.**

Базистик окуу планындагы предметтер филологиялык, социалдык, математикалык, табигый-илимий, искусство жана технология, ден соолук маданияты билим берүү чөйрөлөрүнө бөлүштүрүлгөн.

«Кыргыз тили», «Орус тили», «Өзбек тили» жана «Тажик тили» предметтери эне тили катары 1-класстан баштап окутулат. Окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде «Кыргыз тили» жана «Орус тили» предметтерин экинчи тил катары окутуу үчүн аныкталган окуу сааттарынын саны конкреттүү жалпы билим берүү уюмунун окутуу тилине байланыштуу болот.

Дунган улутундагы тургундар жыш жашаган аймактарда окуучулардын жана ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) суроо-талаптарына ылайык жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечими менен 2-класстан баштап «Дунган тили» предметин эне тили катары окутууну киргизүү мүмкүн.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептин 5, 7, 8-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» предметин өтүүгө жумасына 2 сааттан бөлүнөт. Орус тилинде окуткан мектептин 5, 7, 8-класстары үчүн «Кыргыз жана дүйнө адабияты» предметин окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнөт. Ал эми өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептердин 5-класстары үчүн «Кыргыз жана дүйнө адабияты» предметин окутууга жумасына 2 сааттан жана 7, 8-класстары үчүн жумасына 1 сааттан бөлүнөт.

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептин 5, 7, 8-класстары үчүн «Орус адабияты» предметин окутууга жумасына 2 сааттан бөлүнөт. Кыргыз тилинде окуткан мектептин 5-класстары үчүн «Орус тили жана окуу» интеграцияланган предметине жумасына 3 саат, ал эми 7, 8-класстарына «Орус жана дүйнө адабияты» предметине жумасына 1 сааттан бөлүнөт.

Окутуу өзбек/тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класстары үчүн «Орус тили жана окуу» интеграцияланган предметине жумасына 2 саат, ал эми 7, 8-класстар үчүн «Орус жана дүйнө адабияты» предметине жумасына 1 сааттан бөлүнөт.

Окутуу өзбек/тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класстары үчүн «Өзбек тили. Өзбек адабияты/Тажик тили жана адабияты» предметтерин окутууга жумасына 3 саат, ал эми 7, 8-класстарга жумасына 2 сааттан бөлүнөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3, 5, 7, 8-класстарында «Чет тили» предметин окутууга жумасына 2 сааттан бөлүнөт. «Чет тили» предметин 3-класстан 9-класска чейин окутуу 12 жылдык мектептик билим берүүнүн окуу программаларына ылайык жаңыланган окуу-методикалык комплекстери менен жүргүзүлөт.

«Математика» предмети 1-класста жумасына 3 саат менен, ал эми 2, 3, 7, 8-класстарда жумасына 4 саат жана 5-класска жумасына 5 саат менен окутулат.

«Тарых» предмети 5, 7, 8-класстарда жумасына 2 саат менен окутулат. «Кыргызстан тарыхы» жана «Дүйнө тарых» предметтери ырааттуу бир предмет катары окутулат жана класстык журналда «Тарых» деп жалпы аталышы жазылат.

«Адам жана коом» предметин 7, 8-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан бөлүнөт жана анын билим берүү мазмунуна финансылык жана каржы сабаттуулуктун негиздери интеграцияланган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 7-июнундагы № 177 Жарлыгына ылайык окуучулардын дин таануу сабаттуулугун өнүктүрүү максатында 7, 8-класстарда «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнөт. Бул предметти окутууга Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети менен Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан текшерүүдөн өткөн «Тарых» предметинин мугалимдери жана теологдор тартылат жана окутуу Кыргыз билим берүү академиясы иштеп чыккан методикалык сунуштар боюнча жүргүзүлөт.

«Мекен таануу», «Адеп», «Табият таануу» жана «Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери» (мындан ары - ТТКН) окуу курстары «Мен жана дүйнө» предметине интеграцияланып, ал өз ара байланышкан бирдиктүү бүтүндүк катары каралган дүйнө жөнүндө билимди, «жаратылыш–коом–адам» системасындагы дүйнөгө болгон баалуу мамилени калыптандырууга, ошондой эле адамдын жашоо-тиричилигинин ар кандай шарттарында коопсуздук негиздерди өздөштүрүүгө багытталган.

«Мен жана дүйнө» интеграцияланган предмети 1, 2-класстарда жумасына 4 саат менен, 3-класста жумасына 3 саат жана 5-класста – жумасына 2 саат менен окутулат. 5-класстын «Мен жана дүйнө» интеграцияланган предметине «Адам жана коом» предметине киришүү мазмунун (пропедевтиканы) камтып, аны «Тарых» предметинин мугалими окутат.

«Табият таануу» предмети табигый-илимий багытына киришүү предмети (пропедевтика) катары каралып, 5-класста жумасына 2 саат менен окутулат.

Табигый-илимий багытынын «Биология», «Физика» жана «География» предметтери 7, 8-класстарда жумасына 2 саат менен окутулат. Ал эми «Химия» предмети 7-класста жумасына 1 саат менен жана 8-класста жумасына 2 саат менен окутулат.

«Информатика» предмети 5-класста жумасына 1 саат менен, 7 жана 8-класстарда жумасына 2 саат менен өтүлөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

«Көркөм өнөр жана технология» интеграцияланган предмети 1, 2, 3, 5-класстарда жумасына 2 саат менен окутулат.

«Музыка» предмети 1, 2, 3-класстарда жумасына 2 саат менен, ал эми 5-класста жумасына 1 саат менен окутулат. «Музыка» предметин музыкалык адистиги бар мугалим окутат, ал эми адис жок учурда башталгыч класстын мугалими окутат.

«Дене тарбия» предмети 1-класстан 11-класска чейин жумасына 2 саат менен өтүлөт.

Төмөнкү предметтер боюнча сабактарды өтүүдө класстар **2 тайпага бөлүнөт:**

– окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде «Кыргыз тили» предметин окутууда; окутуу кыргыз, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде «Орус тили» предметин окутууда; «Чет тили» предметин окутууда – эгерде 1–8-класстарда окуучулардын саны 30 жана андан ашык түзсө;

– «Информатика» предметин окутууда – эгерде 5–8-класстарынын окуучуларынын саны 25 жана андан ашык түзсө;

– «Көркөм өнөр жана технология» интеграцияланган предметин окутууда 5-класстардын окуучуларынын саны 30 жана андан ашык түзсө.

2026-2027-окуу жылынан 8-класска **профилге чейинки компонент** жумасына 2 саат менен киргизилип, ал Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан иштелип чыккан жана www.kao.kg сайтында жайгаштырылган 14 программа менен өтүлөт. 8-класстар үчүн профилге чейинки даярдоо программасын ишке ашыруу боюнча көрсөтмө Кыргыз билим берүү академиясынын www.kao.kgwww.kao.kg сайтында жайгаштырылат.

Кыргыз Республикасында 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүү Концепциясынын 3-главасына ылайык профилге чейинки даярдоо программасы кыска мөөнөттүү/модулдук жана кезектешүүчү мүнөздөгү киришүү курстар аркылуу ишке ашырылып, алар окуучуларга жогорку мектепте окутуунун багытын тандоого мүмкүндүк түзөт. Профилге чейинки окуунун жыйынтыгында окуучулар жогорку класстарда тереңдетип окуу үчүн өздөрүнүн кызыкчылыктарына жана жөндөмдөрүнө ылайык бир же бир нече профильдик предметтерди тандап алууга жардам берген кесипке багыт берүүчү тесттерди тапшырышат.

Курчап турган жаратылышка аяр мамиле жасаган, окуу-тарбиялоо процессин практикалык ишкердик менен чыңдаган, эмгектик көндүмдөрүн калыптандырган жана өзүнүн мектеби боюнча жоопкерчиликти тарткан жаранды тарбиялоо максатында 7, 8-класстарда окуучулардын эмгек практикасы ишке ашырылат.

Министрлик сунуштаган көрсөтмөгө ылайык 7 жана 8-класстарында 1 күндүк эмгек практикасына 2 академиялык саат бөлүнөт (7-класстар үчүн эмгек практикасы 7 күндө, 8-класстар үчүн – 10 күндө өткөрүлөт).

Эмгек практикасында аткарылуучу жумуштарды тандоо жана аны өткөрүү мөөнөттөрү аймактык-климаттык шарттарды жана ата-энелер

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

коомчулугунун сунуштарын эске алуу менен жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши тарабынан аныкталат.

2026-2027-окуу жылында Министрлик бекиткен тизмеге кирген республиканын 500 жалпы билим берүү уюмдарынын 3 жана 5-класстарында шахмат ойно боюнча ийримдер уюштурулат. Шахмат ойно боюнча ийримдин апробациялык программасы жана аны ишке ашыруу тартиби Министрликтин расмий сайтына жайгаштырылат.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын 22-пунктуна ылайык жалпы билим берүү программаларды өздөштүрүү деңгээлин (күтүлүүчү натыйжаларды) текшерүү максатында окуучулардын окуудагы жетишкендиктерине **диагностикалык, калыптандыруучу (формативдик)** жана **суммативдик баалоо** түрүндө контролдоо жүргүзүлөт.

Окуу процессинин башталышында окуучунун деңгээлин аныктоо үчүн диагностикалык баалоо өткөрүлөт.

Мугалим окуу процессин өз убагында түзөөгө, суммативдик баалоого чейин окуучулардын жетишпегендиктерин четтетүү үчүн класста оозеки сурамжылоо, жазуу иши, тест жана байкоо аркылуу калыптандыруучу (формативдик) баалоо жүргүзөт.

Окуу программалардын темалары өтүлгөндөн кийин жыйынтыктоочу бааларды коюу менен мектеп календарына (чейректик, жылдык) ылайык суммативдик баалоо жүргүзүлөт.

Жалпы билим берүү уюмунда тарбиялоо иши Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» № 1 Жарлыгына, 2020-жылдын 13-ноябрындагы «2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө» № 39 Жарлыгына жана 2024-жылдын 18-декабрындагы «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу жөнүндө» № 369 Жарлыгына ылайык жүргүзүлөт.

**Уюштуруу иш-чаралары:**

Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын 23-пункттуна ылайык 1-класстан баштап 3-класска чейин окуучулардын окуудагы жетишкендиктери сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары менен бааланып, белги коюлбайт. 4-класстан баштап баалоо белгилерин коюу киргизилет.

Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү мектептеринде базистик окуу планынын мамлекеттик компонентинин ишке ашырылышы республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каржыланат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтомуна ылайык жалпы билим берүү уюмдары базистик окуу планынан тышкары предметтерди тереңдетип окутуу үчүн ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн), демөөрчүлөрдүн жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен окуучуларга кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө укуктуу.

